КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 2 - октябры, № 15/1 Ылай-Талаа айылы.

2026-жылдын 18-19-декабрь күндөрү Бишкек шаарында өтө турган кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча айыл аймагында боло турган жыйындардын графигин, жумушчу комиссиянын курамын жана жыйындарга жоопту депутаттарды бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 2- “Элдик Курултайдын укуктук статусу жөнүндө” бөлүгүн, кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2026-жылдын 22-сентябрындагы № 1 протоколун жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрдүн төмөндөгү сандык курамы бекитилсин:
- Токбай-Талаа айылынан – 21 өкүл,
- Буйга айылынан – 5 өкүл,
- Орто-Талаа айылынан – 1 өкүл,
- Беш-Кемпир айылынан – 3 өкүл,
- Сай айылынан – 11 өкүл,
- Ылай-Талаа айылынан – 33 өкүл,
- Шаркыратма айылынан – 3 өкүл,
- Жылкол айылынан – 2 өкүл,
- Сары-Таш айылынан – 1 өкүл,

Жалпы: 80 өкүл.

2. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоолорду өткөрүүгө байланыштуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы № 1 тиркемеге ылайык .

3. Жыйындарды өткөрүүнүн графиги жана жыйындарды өткөрүү үчүн жоопту депутаттар № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жоопту катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин "Мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча" туруктуу комиссиясына (төрагасы О.Абдимажит уулу) милдеттендирилсин.

Тиркеме: 2 (эки) баракта.

Төрага **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа аймагынын айылдык кеңешинин
02.10.2026-жылдагы № 15/1 токтомуна № 1
тиркеме

Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо тууралуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы:

1.Мойдунов Абдумалик Сатарович - Ылай-Талаа айылдык кенешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын төрагасы;

2.Осмоналиев Сулайман Калилжанович – Ылай-Талаа айылдык кеңешинин катчысы, жумушчу комиссиянын катчысы;

3.Мидинов Таалайбек Абдуракманович - № 1 – 5 мандаттуу Каманчы шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

4.Дыйканов Салмоорбек Аширбекович – № 2 – 5 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

5.Райымкулов Марс Камчыбекович – № 3 – 3 мандаттуу Сай шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

6.Кадыркулов Абдырасул Акасович – № 4 – 8 мандаттуу Токбай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

7. Акаева Венера Тургунбековна – № 4 – 8 мандаттуу Токбай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

8.Асанов Жамшитбек Асанович – ардагерлер кеңешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

9.Жорубаева Сулуукан Токтобековна – аялдар кеңешинин төрайымы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

Катчы С.Осмоналиев

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 02.10.2026-жылдагы № 15/1
токтомуна № 2 тиркеме

Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн

ГРАФИГИ

№	Айылдардын аталышы	Күнү, убактысы	Өтө турган жери	Жооптуу кызматкерлер	Эскертүү
1	Токбай-Талаа	12-октябрь, 12-00	Айылдык клубда	Ш.Абазбек уулу, Г.Ысмаилова	21
2	Буйга	13-октябрь, 12-00	Айылдык клубда	В.Акаева	5
3	Орто-Талаа	12-октябрь, 12-00	Кулулуп жаткан мектептин жанында	Б.Айткулов	1
4	Беш-Кемпир	13-октябрь, 14-00	Ж.Абидинов мектебинде	Б.Шүкоев	3
5	Сай	14-октябрь, 12-00	М.Баатыров мектебинде	Н.Туташова	11
6	Ылай-Талаа, 2-бөлүм	13-октябрь, 12-00	Айылдык клубда	С.Дыйканов	5
	Ылай-Талаа, 3,7-бөлүм	14-октябрь, 12-00	Ө.Абдылдаев мектебинде	Г.Оморакунова	9
	Ылай-Талаа, 4,5-бөлүм	13-октябрь, 12-00	А.Осмонов мектебинде	Н.Айтбаев	10
	Ылай-Талаа, 6-бөлүм	14-октябрь, 12-00	Айылдык клубда	С.Райымбердиева	4
	Ылай-Талаа, 9-бөлүм	14-октябрь, 12-00	Айылдык ФАПтын жанында	О.Абдимажит уулу	5
7	Шаркыратма	15-октябрь, 12-00	Ж.Айтбаев мектебинде	Ж.Жалил уулу	3
8	Жылкол	15-октябрь, 12-00	Ж.Ибраимов мектебинде	М.Райымкулов	2
9	Сары-Таш	15-октябрь, 12-00	Айылдагы мечиттин жаны	Н.Гулам кызы	1
10	**Ылай-Талаа**	**24-октябрь, 10-00**	**Айылдык клубда**	**А.Мойдунов**	**80**

Катчы **С.Осмоналиев**